И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д. 13.15.522 Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын изденүүчү Шеримбекова Алтынай Мукасовнанын “Молдо Кылыч Шамыркан уулунун чыгармаларындагы педагогикалык ойлор” аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык иши боюнча

# БҮТҮМҮ

**Эксперттик комиссиянын курамы. Төрага:** педагогика илимдеринин доктору, профессор Каниметов Ж.К., **комиссиянын мүчөлөрү:** педагогика илимдеринин доктору, доцент Наркозиев А.К., педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Иманалиев Т.Т.

Комиссия 13. 00. 01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча Шеримбекова Алтынай Мукасовнанын “Молдо Кылыч Шамыркан уулунун чыгармаларындагы педагогикалык ойлор” аттуу темада жазылган кандидаттык диссертациясын карап чыгып, төмөнкүдөй бүтүмгө келди:

**1. Диссертациянын мазмунунун адистикке дал келиши жана диссертациялык кеңеште коргоого укуктуулугу.**

Шеримбекова Алтынай Мукасовнанын 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Молдо Кылыч Шамыркан уулунун чыгармаларындагы педагогикалык ойлор” аттуу темада жазган диссертациялык ишинин негизги мазмуну – 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча диссертациялык кеңешке берилген коргоо укугуна тиешелүү адистикке туура келет.

**Диссертациянын максаты:** Молдо Кылычтын чыгармаларындагы чагылдырылган педагогикалык идеяларды кыргыз элинин байыртадан келе жаткан таалим-тарбия салттарынын контекстинде илимий-педагогикалык жактан талдоого алуу жана алардын учурдагы таалим-тарбияны өркүндөтүүгө тийгизген таасирин педагогикалык эксперименттин негизинде аныктоо.

Белгиленген максат төмөнкүдөй милдеттердин ишке ашуусу аркылуу жетишилген:

- элдик педагогиканы улуттук таалим-тарбиянын негизи катары талдоо;
- Молдо Кылычтын чыгармачылыгына байланыштуу изилдөөлөрдү талдоо жана акындын педагогикалык ойлорунун социоэкономикалык өбөлгөлөрүн, идеялык булактарын аныктоо;
- Молдо Кылычтын чыгармачылыгынын агартуучулук маңызын изилдөө жана анын азыркы муундарды тарбиялоо процессиндеги ролун көрсөтүү;

- акындын чыгармаларындагы этикалык жана эстетикалык идеяларды иликтөө жана алардын таалим-тарбиядагы баалуулугун ачып берүү;
- Молдо Кылычтын педагогикалык ойлорунун учурдагы таалим-тарбияны өркүндөтүүгө тийгизген таасирин педагогикалык экспериментте текшерүү аркылуу тиешелүү жыйынтыктарды чыгаруу.

**Изилдөөнүн объектиси:** кыргыз элинин педагогикалык ойлору.

**Изилдөөнүн предмети:** Молдо Кылычтын чыгармаларында чагылдырылган элдик педагогикалык идеялар.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

Өнүгүүнүн диалектикасы жаратылыштын жана коомдун бардык кубулуштарында, алардын ичинен өзгөчө рухий байлыкта кабылдоочулукту шарттап турат. Ал кезегинде социалдык тажрыйбаларды муундан-муунга өткөрүү жолу менен рухий маданияттын байланыштарын, интеллектуалдык прогрессти камсыз кылган объективдүү көрүнүш болуп саналат.

Бүгүнкү күндөгү дээрлик ыймансыздыкка негизделген "батыш маданияты" жөө тумандай каптап келе жаткан өткөөл мезгилде келечек муундарды анын таасиринен сактап, элдик педагогиканын негизинде тарбиялоодо кыргыз акындарынын чыгармаларында камтылган педагогикалык ойлор өзгөчө мааниге ээ.

Айтылган жагдайга байланыштуу учурдун күн тартибине XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында жашап өткөн залкар акын, терең ойчул Молдо Кылычтын мурасындагы педагогикалык ойлорду бир топ жыл өкүм сүрүп келген вульгардык социологиядан, бирбеткейлүүлүктөн, субъективдүү илимий көз караштардан арылтуу аркылуу таалим-тарбиянын теориясы менен практикасынын терең айкалышында изилдөө бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири болуп саналат.

**3. Диссертациянын илимий натыйжалары.**

Иште элдик педагогикага байланыштуу илимий натыйжалар алынган жана алар педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча чоң мааниге ээ.

**1-натыйжа.** Изденүүчү тарабынан адамдарды рухий караңгылыктан, маданиятсыздыктан, түркөйлүктөн чыгаруу процесси менен тыгыз байланышта өнүккөн элдик педагогиканын маңызы жана азыркы мезгилдеги таалим-тарбиядагы ролу каралган. Өтө кенен, көп кырдуу коомдук көрүнүш болуп эсептелген элдик педагогика балдарды жана өспүрүмдөрдү тарбиялоонун нравалык, интеллектуалдык, физикалык, эстетикалык сыяктуу эң маанилүү багыттарын өзүнө камтыры аныкталган (I глава, § 1).

**2-натыйжа.** Автор тарабынан Молдо Кылычтын чыгармачылыгына байланыштуу жүргүзүлгөн изилдөөлөр талданган жана акындын педагогикалык ойлорунун социоэкономикалык өбөлгөлөрү, идеялык булактары иликтенген (I глава, § 2).

**3-натыйжа.** Эмгекте Молдо Кылычтын чыгармачылыгынын агартуучулук маңызы изилденген жана анын азыркы муундарды тарбиялоо процессиндеги ролу көрсөтүлгөн. Молдо Кылыч агартуучу акын экендиги, ал өмүрүнүн аягына

чейин агартуучулук-чыгармачылык ишмердүүлүгү аркылуу кыргыз элинин сабаттык, билимдик деңгээлин көтөрүүгө аракеттенгендиги ачылып берилген (II глава, § 1).

**4-натыйжа.** Изденүүчү тарабынан Молдо Кылычтын педагогикалык ойлорунун өзөгүн түзгөн этикалык жана эстетикалык идеялар каралган жана алардын таалим-тарбиядагы баалуулуктары баса көрсөтүлгөн. Акын үчүн адеп-ахлактуулук адам менен кошо жаралган сапат эмес экендиги, ал социалдык чөйрө менен шартталганы жана талбаган тарбиянын жыйынтыгы экендиги бай материалдардын негизинде изилденген. Ошону менен бирге Молдо Кылыч табияттагы жана коомдогу сулуулук, көркөмдүк – бул табиятка, адамга жана адамдык мамилеге мүнөздүү реалдуу сапат экендиги иликтенген (II глава, § 2, 3).

**5-натыйжа.** Диссертациялык изилдөөдө Молдо Кылычтын педагогикалык ойлорунун учурдагы таалим-тарбияны өркүндөтүүгө тийгизген таасирин педагогикалык экспериментте текшерүү аркылуу тиешелүү жыйынтыктар чыгарылган (III глава, § 1, 2.).

**4. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, тыянагынын жана корутундусунун негиздүүлүк жана ишенимдүүлүк деңгээли.**

Диссертацияда алынган жыйынтыктар илимий жактан терең талдоонун негизинде келип чыккан. Узак мөөнөттөн жана максаттуу изилдөөдөн кийин алар илимий жактан негизделген жана ишенимдүү натыйжаларды берген, ошондой эле таалим-тарбияга байланыштуу өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияларда апробацияланган. Алар келечек муунду тарбиялоого, тескери жүрүм-турумдан арылтууга мүмкүндүк берет, ошондой эле элдик педагогиканын бир бөлүгү болуп эсептелген акындар поэзиясындагы педагогикалык ойлорду терең, объективдүү изилдөөгө шарт түзөт. Ошондуктан диссертант тарабынан алынган илимий натыйжалар өзүлөрүнүн негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү жагынан илимдин аталган багыты үчүн олуттуу мааниге ээ.

**1-натыйжа.** Натыйжа негиздүү жана ишенимдүү. Анткени, элдик педагогика – бул таалим-тарбия тууралуу эмпирикалык билимдердин негизинде жаралган жана рухий караңгылыктан, маданиятсыздыктан, түркөйлүктөн чыгаруу процесси менен тыгыз байланышта өнүккөн, жыйынтыгында коомдун алга жылуусу үчүн оң мааниге ээ болгон кубулуш.

**2- натыйжа.** Изденүүчү негиздүү жана ишенимдүү баса белгилегендей, Молдо Кылычтын педагогикалык көз карашы XIX кылымдын экинчи жарымындагы Кыргызстандагы социалдык-экономикалык, саясий абалдын туундусу. Ал эми анын педагогикалык ойлорунун идеялык булагы фольклордо, өзүнө чейинки ойчулдардын, акындардын чыгармаларында чагылдырылган таалим-тарбия, билим жаатындагы ойлор, ошондой эле ислам дининдеги айрым нравалык идеялар болуп эсептелет.

**3-натыйжа.** Натыйжа негиздүү жана ишенимдүү. Себеби Молдо Кылыч, эң алды, агартуучу акын. Ал өмүрүнүн аягына чейин агартуучулук-

чыгармачылык ишмердүүлүгү аркылуу кыргыз элинин сабаттык, билимдик деңгээлин көтөрүүгө аракеттенген. Акындын мындай аракети түздөн-түз адамды өнүктүрүүдөгү акыл-эстик интеллектти өрчүтүүчү жагдай менен гана чектелбестен, адептик таалим-тарбия берүү менен коштолгон.

**4-натыйжа.** Натыйжа автор тарабынан негиздүү жана ишенимдүү чыгарылгандай, Молдо Кылычтын педагогикалык көз карашынын өзөгүн нравалык-этикалык жана эстетикалык ойлор түзөт. Акын адеп-ахлактуулук адам менен кошо жаралган сапат эмес экендигин, социалдык чөйрө менен шартталганын жана талбаган тарбиянын жыйынтыгы экендигин көрө билген. Ошону менен бирге Молдо Кылыч табияттагы жана коомдогу сулуулук, көркөмдүк – бул табиятка, адамга жана адамдык мамилеге мүнөздүү реалдуу сапат экендигин терең түшүнгөн.

**5-натыйжа**. Иште чыгарылган натыйжа негиздүү жана ишенимдүү. Педагогикалык эксперименттин натыйжалары коюлган максат, милдеттердин, колдонулган методдордун тууралыгын тастыктайт жана алар окуу планындагы гуманитардык дисциплиналардын мазмунун этнопедагогикалык билимдердин негизинде өркүндөтүүгө, мугалимдерди этнопедагогика жаатында өздүк практикалык дөөлөттөр менен кенен тааныштыруу аркылуу окуучулардын адептик жактан тарбияланышына, эстетикалык табитинин жогоруланышына өбөлгө болорун күбөлөйт.

**5. Диссертацияда аныкталган изденүүчүнүн ар бир илимий натыйжасынын, тыянактарынын жана корутундусунун жаңылык деңгээли.**

**1-натыйжа**. Элдик педагогика тээ байыркы замандарда эле тарыхый түрдө калыптанган. Ал, эл өзү канча мезгилден бери жашаса, ошончо мезгилден бери эле жашайт. Элдик педагогиканын теориялык аспектилери мурунку изилдөөлөрдө каралган жана анын маңызы ар тараптуу түшүндүрүлүп келген. Ушундан улам натыйжа жарым-жартылай жаңы болуп эсептелет.

**2-натыйжа.** Жарым-жартылай жаңы, анткени буга чейинки изилдөөлөрдө XIX кылымдын экинчи жарымындагы Кыргызстандагы социоэкономикалык, саясий абал жана фольклордо, ойчулдардын, акындардын чыгармаларында чагылдырылган таалим-тарбия, билим жаатындагы ойлор, ошондой эле ислам дининдеги айрым нравалык идеялар каралган.

**3-натыйжа.** Жаңы болуп саналат. Анткени Молдо Кылыч, эң алды, агартуучу акын. Ал өмүрүнүн аягына чейин агартуучулук-чыгармачылык ишмердүүлүгү аркылуу кыргыз элинин сабаттык, билимдик деңгээлин көтөрүүгө аракет жасаган.

**4-натыйжа.** Жаңы, себеби ал Молдо Кылычтын педагогикалык көз карашынын өзөгүн түзгөн нравалык-этикалык жана эстетикалык ойлорун өзүнө камтыйт. Чындыгында, акын адеп-ахлактуулук адам менен кошо жаралган сапат эмес экендигин, ал социалдык чөйрө менен шартталганын жана талбаган тарбиянын жыйынтыгы экендигин көрө билген. Ошону менен бирге акын табияттагы жана коомдогу сулуулук, көркөмдүк – бул табиятка, адамга жана адамдык мамилеге мүнөздүү реалдуу сапат экендигин терең түшүнгөн.

**5-натыйжа.** Жаңы болуп эсептелет, анткени жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары гуманитардык дисциплиналардын мазмунун этнопедагогикалык билимдердин негизинде өркүндөтүүгө, мугалимдердин этнопедагогика жаатындагы өздүк практикалык ишмердүүлүгүн арттырууга жана окуучуларды элдик педагогикалык дөөлөттөр менен кенен тааныштыруу аркылуу алардын адептик жактан тарбияланышына, эстетикалык табитинин жогорулашына өбөлгө болорун толук күбөлөйт.

**6. Актуалдуу маселелерди, теориялык жана прикладдык милдеттерди чечүү үчүн ички биримдиктин баасы жана алынган натыйжалардын багыттуулугу.**

Шеримбекова Алтынай Мукасовнанын "Молдо Кылыч Шамыркан уулунун чыгармаларындагы педагогикалык ойлор" аттуу кандидаттык диссертациясынын мазмуну элдик педагогиканын түйүндүү маселелеринин бири болуп эсептелген акындар поэзиясындагы педагогикалык ойлорду изилдөөнү жана алардын таалим-тарбиядагы баалуулугун ачып берүүнү өз ичине камтыйт. Алынган натыйжалар бири-бири менен байланыштуу, практикалык такталган теориялык жоболордо калыпка салынган.

Диссертация аталган маселе боюнча ички биримдикке ээ болгон бир катар жаңы илимий жыйынтыктарды жана жоболорду камтып турат, бул, албетте, автордун педагогика илимине кошкон жеке салымы болуп эсептелет.

**7. Алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.**

Шеримбекова Алтынай Мукасовнанын диссертациялык ишинин негизги теориялык жоболорун жана жыйынтыктарын элдик педагогиканы мындан ары изилдөөдө, анын өнүгүшүнүн негизги аспектилерин аныктоодо колдонууга болот. Изилдөөнүн натыйжалары окуучуларды тарбиялоодо салттуу педагогикалык маданияттын рационалдуу дөөлөттөрүн колдонуу боюнча теориялык билимдерди тереңдетет жана практикалык даярдыкты арттырат. Иштин материалдары, анын теориялык тыянактары жогорку окуу жайларда мугалимдердин квалификациясын өркүндөтүү институттарында этнопедагогикалык билим берүүнүн мазмундук чектерин кеңейтүүгө жана кыргыз адабияты боюнча программалардын, окуу китептердин сапатын жакшыртууга салым кошот.

**8. Диссертациянын негизги натыйжаларынын, тыянактарынын жана корутундуларынын жарык көрүүсүн тастыктоо.**

1. Шеримбекова, А.М. Молдо Кылычтын тарбияга байланыштуу ойлору [Текст] / А.М. Шеримбекова // Гуманитарные проблемы современности. – Бишкек, 2008. – Вып. 9. – 62-66-бб.

2. Шеримбекова, А.М. Молдо Кылычтын чыгармаларындагы эстетикалык ойлор [Текст] / А.М. Шеримбекова // Наука и новые технологии. – Бишкек, 2009. – №4. – 164-166-бб.

3. Шеримбекова, А.М. Молдо Кылычтын агартуучулук ойлоруна карата [Текст] / А.М. Шеримбекова // Известия Вузов. – Бишкек, 2009. – №2. – 104-106-бб.

4. Молдо Кылычтын чыгармаларындагы педагогикалык ойлор [Текст]

/ А.М. Шеримбекова // Кыргыз билим берүү академиясынын Кабарлары. – Бишкек, 2009. – №1 (9). – 119-121-бб.

5. Шеримбекова, А.М. Акындар чыгармачылыгындагы тарбия маселелери [Текст] / А.М. Шеримбекова // Кыргыз билим берүү академиясынын Кабарлары. – Бишкек, 2010. – №4 (12). – 148-150-бб.

6. Шеримбекова, А.М. Молдо Кылычтын педагогикалык ойлорундагы сулуулук түшүнүгү [Текст] / А.М. Шеримбекова, Ы.М.Мукасов // Кыргыз билим берүү академиясынын Кабарлары. – Бишкек, 2014. – №3 (31). – 54-56-бб.

7. Шеримбекова, А.М. Молдо Кылычтын педагогикалык көз карашындагы “жакшылык” жана “жамандык” түшүнүктөрү [Текст] / А.М. Шеримбекова // И. Арабаев ат. КМУнун Жарчысы. – Бишкек, 2014. – Атайын чыгарылыш. – 148-149-бб.

8. Шеримбекова, А.М. Этические аспекты педагогической мысли Молдо Кылыча [Текст] / А.М. Шеримбекова // Педагогика и психология. – Алматы, 2014. – №3 – С. 110-113.

9. Шеримбекова, А.М. Элдик педагогика – улуттук таалим-тарбиянын негизи [Текст] / А.М. Шеримбекова // Гуманитарные проблемы современности. – Бишкек, 2015. – Вып. 21. – 116-121-бб.

10. Шеримбекова, А.М. Агартуучулук коомдук көрүнүш катары [Текст] / А.М. Шеримбекова // Гуманитарные проблемы современности. – Бишкек, 2015. – Вып. 21. – 121-124-бб.

11. Шеримбекова, А.М. Этика Молдо Кылыча в контексте народной педагогики [Текст] / А.М. Шеримбекова // Личность, семья и общество: вопросы педагогики и психологии. – Новосибирск, 2016. – №2 (59). –С.17-24.

12. Шеримбекова, А.М. Эстетические аспекты педагогической мысли Молдо Кылыча [Текст] / А.М. Шеримбекова // Личность, семья и общество: вопросы педагогики и психологии. – Новосибирск, 2016. – №2 (59). – С.24-29.

13. Шеримбекова, А.М. Молдо Кылычтын педагогикалык ойлорун изилдөөнүн илимий өбөлгөлөрү [Текст] / А.М. Шеримбекова // Известия Вузов Кыргызстана. – Бишкек, 2016. – № 6. – С. 169-171.

**9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, андагы коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине толугу менен дал келет. Автореферат кыргыз, орус, англис тилдеринде окшош резюмелерге ээ.

**10. Жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди сунуштоонун негиздүүлүгү.**

Эксперттик комиссия А.М. Шеримбекованын кандитаттык диссертациясы боюнча жетектөөчү мекеме катары К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин педагогика жана психология кафедрасын сунуштайт. Аталган кафедрада 13.00.01 адистигине тиешелүү белгилүү илимпоз-педагогдор эмгектенишет: Токсонбаев Р.Н. п.и.д., проф.; Анаркулов Х.Ф. п.и.д., проф.; Асаналиев М.К. п.и.д., проф.; Адылбек кызы Г. п.и.к., доцент; Исабеков А.А. п.и.к., доцент; Сейдахматов М.Ж. п.и.к., доцент; Жумагулова Г.А. п.и.к., доценттин м.а.; Мураталиева М.А. п.и.к., доценттин м.а. ж.б.

**Биринчи расмий оппонент** катары педагогика илимдеринин доктору, профессор **Каниметов Жангороз Каниметовичти** (адистиги – 13.00.01) сунуштайт. Изилдөө проблемасына жакын төмөндөгүдөй эмгектери бар:

1. Основные направления демократизации образования в Кыргызской Республике. – Бишкек: КГПУ им. И.Арабаева, 2004. – 225 с.
2. Государственно-общественное управление образованием в Кыргызской Республике. – Бишкек: КНУ им. Ж.Баласагына, 2004. – 107 с.
3. О молодёжи и молодёжной политике Кыргызской Республики. – Бишкек: КГПУ им. И.Арабаева, 1999. – 93 с.

**Экинчи расмий оппонент** катары педагогика илимдеринин кандидаты, доцент **Эсенгулова Миргуль Молутбековнаны** (адистиги – 13.00.01) сунуштайт. Изилдөө проблемасына жакын төмөндөгдөй эмгектери бар:

1. Просветительская деятельность и педагогические наследие Эшенаалы Арабаева. – Бишкек: Макспринт, 2013. – 210 с.
2. Э.Арабаев – первый учитель // Проблемы и пути подготовки педагогических кадров в Кыргызской Республике: сборник трудов. – Бишкек, 2002. – С. 118-121.
3. Педагогическое воззрение Э.Арабаева: методическое пособие. – Бишкек: Б.и., 1999. – 25 с.

Коммисия көрсөтүлгөн документтерди карап чыгып, Шеримбекова Алтынай Мукасовнанын "Молдо Кылыч Шамыркан уулунун чыгармаларындагы педагогикалык ойлор" аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациясын И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д. 13.15.522 Диссертациялык кеңешинде коргоо үчүн кабыл алууну сунуш кылат.

**Комиссиянын төрагасы,**
педагогика илимдеринин доктору,
профессор **Каниметов Ж.К.**
**Комиссиянын мүчөлөрү:**
педагогика илимдеринин доктору,
профессор **Наркозиев А.К.**
педагогика илимдеринин кандидаты,
доцент **Иманалиев Т.Т.**

Комиссия мүчөлөрүнүн колдорун тастыктайм
**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
педагоика илимдеринин доктору, профессор **Калдыбаева А.Т.**